ЖОБО
«СОВЕТТИК МЕКЕНИБИЗ: СОВЕТТИК КЫРГЫЗСТАН — УБАКЫТ КЫРЫНАН КАРАСАК» АТТУУ РЕСПУБЛИКАЛЫК КОНКУРСТУ ӨТКӨРҮҮ ЖӨНҮНДӨ

Конкурс Кыргыз АССРинин түзүлгөндүгүнүн 100 жылдыгына жана Кыргыз ССРинин түзүлгөндүгүнүн 90 жылдыгына арналат.

1. Жалпы жоболор

1.1. Ушул Жобо «Советтик Кыргызстан — убакыт кырынан карасак» аттуу республикалык конкурстун максаттарын, милдеттерин, уюштурулушун жана өткөрүү тартибин аныктайт.

1.2. Конкурстун уюштуруучусу — Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин Тарых жана чөлкөм таануу институтунун алдындагы Илимий-изилдөө, санариптик жана музей-билим берүү борбору.

1.3. Конкурс Кыргызстандын тарыхындагы советтик мезгил жөнүндө тарыхый эс тутумду сактоого, жаштардын изилдөөчүлүк жана чыгармачылык активдүүлүгүн колдоого, ошондой эле тарыхый процесстерди объективдүү илимий талдоону өнүктүрүүгө багытталган.

2. Конкурстун максаттары жана милдеттери

Конкурстун негизги максаттары:

- советтик доорго объективдүү көз карашты калыптандыруу;
- тарыхый тажрыйбаны илимий жана чыгармачылык жактан аңдап-түшүнүүнү колдоо;
- тарыхый изилдөөлөрдү жайылтуу;
- тарыхый эс тутумду сактоо;
- муундар ортосундагы диалогду бекемдөө;
- жаштардын Кыргызстан тарыхын изилдөөгө болгон кызыгуусун арттыруу.

3. Конкурстун катышуучулары

Конкурска билиминен, кесибинен жана ишмердүүлүк чөйрөсүнөн көз карандысыз, Советтик Кыргызстандын тарыхына жана конкурстун тематикасына кызыккан 18 жаштан 35 жашка чейинки жаштар катыша алышат. Алардын катарына төмөнкүлөр кирет:

- жаш изилдөөчүлөр, тарыхчылар, архивчилер жана журналисттер;
- жогорку окуу жайларынын жана колледждердин студенттери, магистранттар жана аспиранттар;
- жаш окутуучулар жана илимий коомчулуктун башка өкүлдөрү;
- чыгармачыл жана коомдук интеллигенциянын өкүлдөрү;
- жаштар, маданий жана коомдук уюмдардын өкүлдөрү;
- Советтик Кыргызстандын тарыхын изилдөөгө жана тарыхый эс тутумду сактоого кызыккан бардык адамдар.

4. Конкурстун номинациялары

4.1. Эң мыкты эссе

«Советтик Кыргызстан адамдардын тагдырында»

Бул номинацияга Кыргызстандын тарыхындагы советтик мезгилде адамдардын жашоосун, алардын эмгектик, коомдук, маданий жана үй-бүлөлүк тагдырларын чагылдырган автордук эсселер кабыл алынат.

Эсседе төмөнкү темалар чагылдырылышы мүмкүн:

- Советтик Кыргызстандагы жашоо жөнүндө эскерүүлөр;
- согуш жана эмгек ардагерлеринин тагдырлары;
- билим берүүнүн, маданияттын жана өнөр жайдын өнүгүшү;
- үй-бүлөнүн, мектептин жана коомдук уюмдардын ролу;
- улуттар аралык достук жана элдердин биримдиги.

Тариздөө талаптары:

- эссенин көлөмү — боштуктарды кошкондо 5 000ден 10 000ге чейинки белги;
- эссенин темасына байланыштуу сүрөттөрдү жана иллюстрацияларды кошууга жол берилет.

Баалоо критерийлери: оригиналдуулугу, теманын канчалык терең ачылганы, тарыхый маалыматтардын ишенимдүүлүгү, адабий стили, автордун өз алдынчалыгы жана чыгармачылык мамилеси.

4.2. Эң мыкты илимий макала

«Советтик Кыргызстан: тарыхый тажрыйба, модернизация жана коомдук өнүгүү»

Бул номинацияга Советтик Кыргызстандын саясий, социалдык-экономикалык, маданий жана мамлекеттик-укуктук өнүгүүсүн изилдөөгө арналган илимий макалалар кабыл алынат.

Илимий макалалар төмөнкү темаларга арналса болот:

- Советтик Кыргызстандын калыптануу жана өнүгүү тарыхы;
- мамлекеттик курулуш;
- социалдык-экономикалык өзгөрүүлөр;
- индустриялаштыруу жана айыл чарбасынын өнүгүшү;
- билим берүүнүн, илимдин жана маданияттын өнүгүшү;
- улуттар аралык мамилелер маселелери;
- Кыргызстандын Улуу Ата Мекендик согуш жылдарындагы ролу;
- советтик доор жөнүндөгү тарыхый эс тутум.

Илимий макалаларды баалоодо төмөнкүлөр эске алынат:

- илимий жаңылыгы жана актуалдуулугу;
- корутундулардын жүйөлүүлүгү;
- архивдик жана илимий булактардын колдонулушу;
- изилдөөнүн логикасы жана түзүмү;
- илимий талдоонун сапаты;
- шилтемелердин жана библиографиянын талапка ылайык таризделиши.

Илимий макаланы тариздөөгө коюлуучу талаптар:

- макаланын көлөмү — боштуктарды кошкондо 20 000ден 40 000ге чейинки белги;
- макаланын тили — кыргыз же орус тили;
- шрифт — Times New Roman;
- шрифттин өлчөмү — 14 pt;
- сап аралыгы — 1,5;
- барактын бардык четиндеги талаалар — 2 см;
- абзацтык чегинүү — 1,25 см;
- текст туурасы боюнча тегизделет;

- барактардын номерлери төмөн жагына коюлат;
- макаланын аталышы баш тамгалар менен, калың шрифтте, ортого тегизделип жазылат;
- аталыштан кийин автордун аты-жөнү, иштеген же окуган жери, кызмат орду, илимий даражасы жана илимий наамы (бар болсо) көрсөтүлөт;
- макала киришүүдөн, негизги бөлүктөн, корутундудан жана пайдаланылган булактардын тизмесинен турушу керек;
- булактарга шилтемелер тексттин ичинде чарчы кашаалар менен берилет: [1], [2], [3] ж.б.;
- түз цитата келтирилгенде булактын номери жана барагы көрсөтүлөт: [4, 25-б.];
- пайдаланылган адабияттардын тизмеси макаланын аягында, тексте шилтеме берилген тартипте жайгаштырылат;
- шилтемелерди жана библиографияны тариздөө академиялык цитаталоо талаптарына ылайык жүргүзүлөт;
- макала илимий-изилдөө мүнөзүндө болуп, тарыхый процесстерге, булактарга жана илимий адабияттарга өз алдынча талдоо камтышы керек;
- фактылардын, цитаталардын, статистикалык маалыматтардын аныктыгы жана автордук укуктардын сакталышы үчүн макаланын автору жооп берет.

4.3. Эң мыкты видеоматериал

«Эрдиктин жана даңктын эстеликтери: Кыргызстандагы Улуу Жеңиштин элеси»

Бул номинацияга Кыргызстан тарыхына байланышкан Улуу Ата Мекендик согуштун эстеликтери, мемориалдары жана каармандары жөнүндө тарыхый эс тутумду сактоого арналган видеоматериалдар кабыл алынат.

Видеоматериалдарга коюлуучу талаптар:

- узактыгы — 8ден 10 мүнөткө чейин;
- файл форматы — MP4 же MOV;
- чечилиши — 1280 × 720 пикселден төмөн эмес;
- кадрдын багыты — туурасынан (16:9);
- сүрөттүн жана үндүн сапаты видеоматериалды толук кандуу кабыл алууга мүмкүндүк берүүгө тийиш;
- архивдик документтерди, сүрөттөрдү жана башка материалдарды колдонууда алардын булактары көрсөтүлүп, автордук укуктар сакталууга тийиш.

Баалоо критерийлери:

Видеоматериалдар 100 баллдык шкала боюнча тарыхый маалыматтардын ишенимдүүлүгүн, конкурстун тематикасына шайкештигин, теманын толук ачылышын, материалды берүүнүн оригиналдуулугун, видеотартуунун жана монтаждын сапатын, тарыхый булактардын колдонулушун жана коомдук-агартуу маанисин эске алуу менен бааланат.

Ишти тапшыруу тартиби:

Видеоматериал уюштуруучуларга электрондук түрдө же булут сактагычка жайгаштырылган шилтеме аркылуу жөнөтүлөт. Ага иштин аталышы, автордун (авторлордун) аты-жөнү, кыскача аннотация жана катышуучунун байланыш маалыматтары тиркелет.

5. Конкурсту өткөрүү мөөнөтү

Конкурс 2026-жылдын май айынан октябрь айына чейин өткөрүлөт.

6. Арыздарды берүү тартиби

Конкурска катышуу үчүн конкурстук ишти жана катышуучунун арызын төмөнкү электрондук почта дарегине жөнөтүү зарыл:
sovettikkyrgyzstan.konkurs@gmail.com
Электрондук каттын темасында төмөнкүдөй көрсөтүлүшү керек: «Конкурс — катышуучунун аты-жөнү — номинация».

7. Сыйлоо

Конкурстун жыйынтыгы боюнча ар бир номинацияда I, II жана III орундар ыйгарылат.
Конкурстун жеңүүчүлөрү жана байге ээлери дипломдор, эстелик белектер, сыйлыктар, ошондой эле уюштуруучулар жана өнөктөштөр тарабынан каралган башка сыйлоо түрлөрү менен сыйланышат.
Айрым иштер жарыялоого, долбоордун маалыматтык ресурстарына жайгаштырууга жана илимий-агартуу иш-чараларында пайдаланууга сунушталышы мүмкүн.

Байланыш маалыматтары

Конкурстун уюштуруучусу: Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин Тарых жана чөлкөм таануу институтунун алдындагы Илимий-изилдөө, санариптик жана музей-билим берүү борбору.
Борбордун жетекчиси: Батырбаева Шайыркул Джолдошевна.
Конкурстун координатору: Эралиев Салайдин Нуралиевич, Борбордун жетектөөчү илимий кызматкери.
Электрондук почта: sovettikkyrgyzstan.konkurs@gmail.com
Телефондор: +996 700 093 048, +996 707 21 52 58